БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ
АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ
AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кеңейтилген жамаатык чогулушу

2024-ж. 05.09. №67 - протокол

**БЕКИТИЛДИ**
Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору

_______________ Б.И. Исмаилов

2024-ж. 05.09. №2/0101 - буйругу

## СЕРТИФИКАТТЫ ДАЯРДОО, БЕРҮҮ, КАЙРА ТАРИЗДӨӨ ЖАНА ДУБЛИКАТЫН ТАРИЗДӨӨ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Бул Жобо **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтомунун негизинде** иштелип чыгып, билим берүү программалары жана уюмдары көз карандысыз аккредитациядан өткөндүгүн тастыктаган сертификатты даярдоо, берүү жана кайра тариздөө тартибин белгилейт.

- ***Аккредитацияланган билим берүү уюмдарына жарактуулук мөөнөтүн көрсөтүү менен аккредитациялоодон өткөндүгү жөнүндө сертификат берилет.***

***- Аккредитациялоо жөнүндө сертификат төмөнкү учурларда күчүн жоготот:***

***- берилген мөөнөт аяктаганда;***
***- билим берүү уюму жоюлганда;***
***- билим берүү уюму тарабынан сертификат берилген тиешелүү программаны ишке ашыруу токтотулганда.***

***- Юридикалык жактын аталышынын өзгөрүшүнө байланыштуу билим берүү уюму кайра катталган учурда сертификат анын жарактуулук мөөнөтүн сактоо менен кайра тариздолет.***

***- Аккредитациялоо жөнүндө сертификат жоголгон же бузулган учурда билим берүү уюмунун арызы боюнча анын дубликаты берилет. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликатын берүү жөнүндө Агенттиктин чечими арыз катталган күндөн тартып 5 жумуш күндүн ичинде кабыл алынат. Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын дубликаты бир нускада "Дубликат" белгиси менен тариздолет.***

***- Аккредитациялоо жөнүндө сертификаттардын бланктарынын формалары, аларды даярдоо жана дубликатын берүү тартиби Агенттик тарабынан өз алдынча белгиленет.***

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинде (ББПУАА) аккредитациялоо сертификатын даярдоо жана берүү үчүн жоопту адам төмөнкү документтердин топтомун түзүп, басмаканага жөнөтөт:

- Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин алдындагы Аккредитациялык кеңештин жыйынынын жыйынтыгы боюнча чыгарылган буйрук;
- сертификаттын текшерилген корректура барактары электрондук жана кагаз түрүндө.

3. Сертификаттар 2017-жылдын 30-мартындагы жана 2019-жылдын 9-апрелиндеги №SA-7/19 келишимдеринин негизинде ББПУАА менен ЖЧК «Тартип» ортосунда түзүлгөн кызматташтык келишимине ылайык ЖЧК «Тартиптин» басмаканасында даярдалат.
4. Эл аралык аккредитациядан өткөндүгү жөнүндө сертификаттын формасы ББПУАА тарабынан бекитилет.
5. Аккредитация сертификатын даярдоо жана берүү үчүн жооптуу адам сертификаттарды 15 күндүн ичинде даярдоого иш аракеттерди жүргүзөт.
6. Сертификат каттоо журналына катталып, билим берүү уюмунун жооптуу өкүлүнө кол коюу менен тапшырылат, сертификаттын көчүрмөсү ББПУАА сакталат.
7. Сертификатты кайра берүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтомуна ылайык жүргүзүлөт.